КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги
VII сессиясы

Уч-Коргон айылы

14- сентябрь 2022-жыл

ТОКТОМ №7/1

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чындоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик Курултайды уюштуруу боюнча комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы "Биринчи Элдик Курултайга КР айылдык аймактарынан жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА" ылайык маселени карап жана талкуулап чыгып, Уч-Коргон айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Уч-Коргон айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрына Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн "Достук" клубуна саат: 10:00 гө чакырылсын.

2. Уч-Коргон айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайынын курамы калкынын санына ылайык 200 (эки жуз) делегаттан турары белгиленсин.

3. Уч-Коргон айыл аймагынын Жергиликтүү Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы - 9 (тогуз) адамдан бекитилсин. (1-тиркеме)

4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 15-октябрдан 20-октябрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн (2-тиркеме) жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөрү эскертилсин.

5. Уч-Коргон айыл өкмөтү Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.

6. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Баткен областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин төрагасынын экинчи орун басары Г.Абдурахмановага жүктөтүлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**